**ОшМУнун социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын кезектеги жыйынынын №2**

**ПРОТОКОЛУ**

2021-жылдын, 10-сентябры
Төрайымы- ф.и.к., доц. Р. А. Ысмаилова
Катчысы- Т. Ө. Кыдырова
Катышкандар: 21
Келбегени: 2
*Өтүлүүчү жайы 205-каанасы*

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Кафедранын 2021-2022-окуу жылынын иш-пландарын талкуулоо, кабыл алуу, бекитүү:
- кафедранын иш-планы
- жыйындардын иш-планы
- окуу усулдук бирикменин иш-планы
- тарбиялык иштердин иш-планы
-илимий иштердин иш планы
-2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн НББПнын максаттарын жана окутуунун натыйжаларын талкуулоо жана бекитүү.
-НББПны жана ОшМУнун миссиясын талкуулоо.
-ОшМУнун жана билим берүү программасынын миссиясын кафедранын стендинде чагылдыруу.
2. Окутулуучу дисциплиналар боюнча жумушчу программа, силлабустарын жаңы талаптарга ылайык түзүү, толуктоолорду киргизүү.
3. Жогорку курстарга сабак берген окутуучулардын окуу жүктөмдөрүн жана жекече иш-пландарын бекитүү.
4. Күндөлүк жана жыйынтык текшерүүлөр үчүн окутуунун натыйжаларына туура келген баалоочу каражаттардын топтомун түзүү (ФОС) жана талкуулоо.
5. Ар түрдүү маселелер.

1. **Угулду:**

Күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча каф. башчы, ф.и.к., доц. Р. А. Ысмаилова, кафедранын 2021-2022-окуу жылы үчүн түзүлгөн кафедранын жана анын жыйынынын иш-пландарына кыскача токтолуп өтүп, бул боюнча окутуучулардын ой-пикирлерин айтуусун сунуштады.

**Сөзгө чыкты:**

Улук окутуучулар Р. Дыйканбаева, Ж. Арзыматова кафедранын жана кафедранын жыйынынын иш-планын талапка ылайык деп белгилешти жана жыйынды ар бир айдын 1-жумасында өткөрүүнү сунушташты.

**Сөзгө чыкты:**

Кафедранын тарбиялык иштери боюнча Т. Иманкулова, илимий иштери боюнча Ү. Аскаров, усулдук секциянын жетекчиси улук окутуучу Б. Дуйшоеванын иш-пландары угулду жана талкууга коюлду.

**Сөзгө чыкты:**